| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ |
|---|---|---|

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 9- сессиясы

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 12-июнь** **№ 55** **Ново-Вознесеновка айылы**

## Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн кесиптик бирлигинин жамааттык келишимин бекитүү жөнүндө

Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кесиптик бирлигинин төрагасы М.Касаболотовдун Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 201-беренесинин негизинде Хан-Тенири айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин жамааттык келишими түзүлгөндүгүн билдирди. Бул жамааттык келишимде 86-беренеде көрсөтүлгөндөй ар бир эмгек жамаатында ички тартип эрежелери бекитилген. Бул ички тартип эрежелери үч тараптуу болуп бекитилиши керек. Кесиптик бирлик, айыл өкмөтү жана өкүлчүлүктүү орган жергиликтүү кенеш менен үч тараптуу болуп түзүлүшү керек экен. Айыл өкмөтүнүн ички тартип эрежелеринде кызматкерлерди сыйлоо, сыйлыктарды, белектерди берүү, наамдарды ыйгаруу жана башка ушул сыяктуу пункттар киргизилген. Эми сиздерден эгер адис кызмат учурунда майып болуп кала турган болсо, же каза болуп калса акчалай компенсация төлөнүп берилишине макулдук берсеңиздер, себеби бул акча каражатын сиздер жергиликтүү бюджеттен карап койсоңуздар. Жамааттык келишим боюнча кесиптик бирликтин төрагасы Касаболотов Мирбектин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 86, 87, 201, 202. 203, 210, 219 беренелерине негиздеп жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл өкмөтүнүн жамааттык келишими толуктоолор киргизилип бекитилсин.
2. Жамааттык келишимге эгерде кызматкер кызмат ордунда иштеп жатып жеңил жарат алганга дуушар болсо – 100000(жүз миң) сом, орто жарат алганга дуушар болсо – 200000(эки жуз миң) сом, оор жаратка дуушар болсо 300000(үч жуз миң) сом өлчөмүндө комиссиянын чечиминин негизинде төлөнүп бериле тургандыгы киргизилсин.
3. Эгерде кызматкер кызмат абалында каза болуп кала турган болсо үй-бүлөсүнө же/жана жакындарына 700000 (жети жуз миң ) сом олчөмүндө кенемте төлөнүп берилсин.

4. Кызматкерлердин кесиптик майрамдарында, аларды шыктандыруу максатында 100000(жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.
5. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу бюджет боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**